БЕКИТЕМ
Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
алдындагы Дары каражаттары жана
медициналык буюмдар
департаментинин директорунун
орун басары
Кысанов Т.А. _____
«__24__» _____2026-ж.

Кошумча баракча – бейтап үчүн маалымат

ФЕБРОФИД, 25 мг/г, сырттан колдонуу үчүн гель
Кетопрофен лизин тузу

Препаратты колдонуу алдында кошумча баракчаны окуп чыгыңыз, анткени анда сиз үчүн маанилүү маалымат камтылган.
- Кошумча баракчаны сактап коюңуз. Сиз аны кайра окушуңуз керек болушу мүмкүн.
- Эгерде сизде кошумча суроолор болсо, дарыгерге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.
- Бул препарат атайын сиз үчүн дайындалган. Аны башкалар менен бөлүшпөңүз. Бул алардын симптомдору сиздикине дал келген күндө да, аларга зыян келтириши мүмкүн.
- Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар байкалса, дарыгерге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз. Бул кеңеш мүмкүн болгон бардык жагымсыз реакцияларга, анын ичинде 4-бөлүмдө саналбагандарга тиешелүү.

Кошумча баракчасынын мазмуну

1. Феброфид препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат.
2. Феброфид препаратын колдонуудан мурун эмнени билишиңиз керек.
3. Феброфид препаратын колдонуу.
4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар.
5. Феброфид препаратын сактоо.
6. Таңгакчанын курамы жана башка маалымат.

1. Феброфид препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат

Феброфид препаратынын курамында стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттардын (ССКП) тобуна кирген лизин тузу түрүндөгү кетопрофен активдүү заты бар.
Феброфид препараты сырткы колдонуу үчүн арналган, сезгенүүгө каршы жана ооруну басуучу таасирге ээ.

Колдонууга көрсөтмөлөр

Гель түрүндөгү Феброфид препараты жергиликтүү дарылоо үчүн булчундар, сөөктөр же ревматикалык же травматикалык келип чыккан муундардын оорусунда колдонулат: мисалы, көгөргөн, чоюлуп, булчундардын штаммдары, моюндун булчуңдарынын ригиддүүлүгүндө, люмбагодо (арканын (белдин) ылдый жагынын капысынан катуу оорушу).

2. Феброфид препаратын колдонуудан мурун эмнени билишиңиз керек

Каршы көрсөтмөлөр

Феброфид препаратын колдонбоңуз:

- эгерде сизде кетопрофенге же дары препараттын башка бардык курам бөлүктөрүнө аллергияңыз бар болсо (кошумча баракчасынын 6-бөлүмүндө көрсөтүлгөн);
- эгерде сизде тиапрофен кислотасына, аспиринге, башка ССККге же ооруну же сезгенүүнү басаңдатуу үчүн колдонулган кандайдыр бир препаратка аллергиясы бар болсо (аллергиянын симптомдоруна: ышкырып дем алуу (астма), мурундун агышы (ринит) же кычыштырган бөртмөлөр (бөрү жатыш));
- фенофибратка (кандагы холестеринди төмөндөтүү үчүн колдонулган дары препараты) аллергиясы бар болсо;
- теринин бузулуу белгилерин көрсөткөн жерлеринде, мисалы, нымдуу дерматоздор, экзема, инфекцияланган тытылуулар, жарааттар, күйүктөр;
- эгерде сизде мурда күн нуруна (фотосезгичтик) аллергияңыз бар болсо;
- эгерде сизде мурда кетопрофенге, тиапрофендик кислотасына, фенофибратка, УК-блокаторлорго же атырларга теринин аллергиясы бар болсо;
- дарылоо учурунда жана ал аяктагандан кийин 2 жума бою солярийде гель колдонулган теринин жерлерин күн нуруна (асман булуттуу болсо да) же ультра көгүш (УК) нурларга тийгизбеңиз;
- кош бойлуулуктун акыркы үч айында;
- 18 жашка чейинки балдарда.

Феброфид препаратын колдонууну дароо токтотуу керек, эгерде теринин реакциясы пайда болсо, ошондой эле октокриленди камтыган каражаттарды бир жолу колдонуудан кийин тери реакциясы пайда болсо (октокрилен фотокартаюуну кечеңдетүүчү касиетке ээ ар кандай косметикада жана гигиена каражаттарында колдонулуучу көмөкчү заттардын бири, мисалы: шампундар, сакалды алгандан кийинки каражаттар, душ алуу жана жуунуу үчүн гелдер, териге карата кремдер, эринге колдонулуучу помадалар, бырыштан кремдер, макияжды тазалоочу каражаттар, чачтар үчүн лактар).

Өзгөчө көрсөтмөлөр жана алдын алуу сактык чаралары

Феброфид препаратын колдонуудан мурун дарылоочу дарыгериңиз же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

- Гелди былжырлуу челге жана көздөргө түшүүсүнө жол бербеңиз.
- Препаратты сезгенген, жабыркаган же инфекциялуу териге колдонууга болбойт.
- Препаратты теринин чоң жерлерине колдонууга болбойт.

- Препаратты окклюзивдүү таңуу астында колдонууга болбойт.
- Эгерде сизде жүрөк, бөйрөк же боор функциясы төмөндөп кетсе, Феброфид препаратын колдонуудан мурун дарылоочу дарыгерге кеңеш алуу үчүн кайрылыңыз, анткени бөйрөк функциясынын бузулушу менен байланышкан системалуу жагымсыз реакциялардын айрым учурлары сүрөттөлгөн.
- Феброфид препаратынын күн нуруна (асман булуттуу болсо да) же УК нурларына тийген теринин аймактарына тийүү теринин катуу реакциясына (күн нуруна сезгичтиктин жогорулашы) алып келиши мүмкүн. Ошондуктан:
  - күн нуруна сезгичтиктин жогорулашына жол бербөө үчүн дарылоо учурунда жана токтогондон кийин эки жума бою кийим менен колдонулган жерлерди коргоңуз. Дарылоо учурунда жана токтогондон кийин эки жума бою УК нурларынын (анын ичинде солярийлердин) таасиринен сактаныңыз.
  - Феброфид препаратын ар бир колдонгондон кийин колуңузду жакшылап жууп туруңуз, эгерде колуңуз дарылоо аймакка кирбесе.
- Териге көпкө сүрткөндө коргоочу кол кап кийүү сунушталат.
- Эгерде бөртмөлөр пайда болсо, препаратты колдонууну токтотуңуз.
- Октокриленди камтыган каражаттарды (айрым косметика жана гигиеналык каражаттар) бир убакта колдонуу менен байланышкан тери реакциялары пайда болсо, дароо дары препараты менен дарылоону токтотуңуз.
- Узакка созулган колдонууда байланыш дерматитинин жана гиперсезгичтик реакцияларынын пайда болуу коркунучу жогору болгондуктан, сунушталган колдонуу мөөнөтүнөн ашпаңыз.
- Эгерде сизде өнөкөт бронхиалдык астма жана өнөкөт ринит, гайморит жана/же ринит полиптери бар болсо, этият болуңуз. Бул топтогу бейтаптар жалпы калкка караганда аспиринге жана/же ССКП аллергиялык реакцияларды өнүктүрүү коркунучу жогору.
- Стивенс-Джонсон синдрому сыяктуу олуттуу тери реакциялары ССКПлерди, анын ичинде кетопрофен гелин колдонуу менен байланышкан. Териде исиркектер, былжыр челдин жаралары же жогорку сезгичтиктин башка белгилери пайда болгондо дароо колдонууну токтотуп, дарыгерге кайрылыңыз.

Балдар

Бул дары препаратын балдарга колдонбоңуз, анткени анын коопсуздугу аныктала элек.

Башка дары препараттар жана Феброфид препараты

Эгерде сиз башка дары препараттарды алып жатсаңыз, жакында эле кабыл алган болсоңуз же кабыл алышыңыз мүмкүн болсо, дарыгерге же дарыкана кызматкерине айтыңыз.

Кетопрофен жергиликтүү колдонулганда маанилүү эмес деңгээлде синет, ошондуктан дары препараттардын башка дары препараттар менен өз ара таасиринин пайда болушу күмөн.

Кош бойлуулук, эмчек эмизүү жана фертилдүүлүк

Эгер сиз кош бойлуу же эмчек эмизген болсоңуз, кош бойлуу болушуңуз мүмкүн деп ойлосоңуз же кош бойлуулукту пландаштырып жатсаңыз, бул дары препаратын колдонуудан мурун дарыгериңиз менен кеңешиңиз.

Кош бойлуулук
Феброфид препаратын кош бойлуулуктун алгачкы 6 айында өтө зарылчылык болбосо жана дарыгердин сунушу боюнча колдонууга болбойт. Бул мезгил ичинде дарылоо зарыл болсо, минималдуу дозасы мүмкүн болушунча кыска мөөнөткө колдонулушу керек.

Кетопрофендин пероралдык формасы (мисалы, таблеткалар) сиздин төрөлө элек балада керексиз реакцияларды жаратышы мүмкүн. Бул кооптуулук Феброфид препаратын колдонулганда териге жайылтылат же жокпу, белгисиз.

Кош бойлуулуктун акыркы үч айында Феброфид препаратын колдонууга болбойт.

Эмчек эмизүү
Феброфид препаратын эмчек эмизүү мезгилинде колдонууга болбойт.

Унаа каражаттарын айдоо жана механизмдер менен иштөө
Препарат унаа каражаттарын башкаруу жөндөмдүүлүгүнө жана механизмдер менен иштөөгө таасир бербейт.

Феброфид препараты метилпарагидроксибензоатты жана пропилпарагидроксибензоатты камтыйт
Препараттын курамында пропилпарагидроксибензоат жана метилпарагидроксибензоат бар, алар аллергиялык реакцияларды (анын ичинде кечиктирилген) пайда кылышы мүмкүн.

3. Феброфид препаратын колдонуу

Ар дайым бул дары препаратын дарылоочу дарыгериңиз же дарыкана кызматкеринин көрсөтмөсүнө ылайык колдонуңуз. Эгерде шектенсеңиз, дарылаган дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.

Сунушталган доза
Дарылоонун дозасы жана узактыгы ар бир бейтап үчүн жекече дарыгер тарабынан аныкталат.

Чоңдор
Күнүнө 2–3 жолу көп эмес өлчөмдө (3-5 см) см) гелди ооруган жердин терисине сүйкөп, жеңил сүртүү керек.

Улгайган бейтаптар
Дозалоо боюнча өзгөчө сунуштар жок.

Колдонуу жолу жана (же) ыкмасы
Сырттан колдонуу үчүн гана.
Гелди ооруган жердин терисине сүйкөп, акырын сүртүү керек.
Гелди ар бир колдонгондон кийин колуңузду жакшылап жууп алыңыз.

Гель тери аркылуу жакшы сиңет, жыты жок, боёктору жок, майлуу тактарды калтырбайт, кийимге так калтырбайт, кургак бинт коюунун кереги жок.
Тар кийим кийүү сунушталбайт.

Феброфид препаратын керек болгондон көбүрөөк колдонсоңуз
Сырттан териге колдонууда препараттын ашыкча дозасы жөнүндө маалыматтар жок.
Эгерде териге көп гель сүйкөсө, ашыкчасын суу менен жууп салуу керек.
Гелди кокустан ичкенде жагымсыз реакциялар пайда болушу мүмкүн, алардын интенсивдүүлүгү алынган заттын көлөмүнө жараша болот.
Эгер сиз кокустан гелди жутуп алсаңыз, дароо дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз. Медициналык кызматкерлер сизге керектүү жардамдарды беришет.

Феброфид форте препаратын колдонууну унутуп калсаңыз
Өткөрүлгөн дозанын преппаратын ордун толтуруу үчүн эки эселенген дозаны колдонбоңуз.
Эгерде сиз дозаны өткөрүп жиберсеңиз, анда сунушталган өлчөмдөгү гелди териге сүйкөп, дарылоону улантыңыз.

Препаратты колдонуу боюнча суроолоруңуз болсо, дарыгерге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.

4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар

Бардык дары препараттар сыяктуу эле, Феброфид препараты терс таасирлерге алып келиши мүмкүн, бирок алар бардыгында эле пайда боло бербейт.

Теринин локализацияланган реакциялары кабарланган, алар кийинчерээк колдонуу жеринен сырткары чыгышы мүмкүн. Сейрек, буллездүү же фликтенулездик экзема сыяктуу оор реакциялар пайда болушу мүмкүн, алар жайылып, жалпылашып кетиши мүмкүн.
Сезгенүүгө каршы дары препараттардын башка жагымсыз реакциялары (ашыкча сезгичтик, ашказан-ичегиден жана бөйрөк оорулары) активдүү ингредиенттин тери аркылуу өтүү деңгээлине, демек, колдонулган гелдин көлөмүнө, иштетилген беттин аянтына, теринин бүтүндүгүнө, дарылоонун узактыгына жана окклюзивдүү таңгычтарды колдонууга жараша болот.

Феброфид препаратын колдонууну токтотуңуз жана төмөндө саналып өткөн жагымсыз реакциялардын бири пайда болсо, медициналык жардамга кайрылыңыз:

Көп эмес (100 адамдан 1ге чейин таасир этиши мүмкүн):

- теринин аллергиялык реакциялары: эритема, кычышуу, экзема, ачышууну сезүү.

Сейрек (1000 адамдан 1ге чейин таасир этиши мүмкүн):
- жогорку сезгичтик реакциясы (фотосенсибилизация);
- буллездук дерматит;
- бөрү жатыш.

Абдан сейрек (10000 адамдан 1ге чейин таасир этиши мүмкүн):
- ангионевротикалык шишимик;
- анафилактикалык реакциялар, жогорку сезгичтик реакциялары;
- контакттык дерматит;
- ашказан жарасы;
- ашказан-ичегиден кан кетүү;
- диарея;
- бөйрөк функциясынын бузулушу (жаңы учурлар же учурдагы бөйрөк алсыздыгынын начарлашы).

Белгисиз (жыштык жеткиликтүү маалыматтар боюнча бааланышы мүмкүн эмес):
- Стивенс-Джонсон синдрому.

Улгайган бейтаптар стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттардын жагымсыз реакцияларына көбүрөөк дуушар болушат.

Жагымсыз реакциялар жөнүндө кабарлоо
Эгерде сиз кандайдыр бир жагымсыз реакцияларды байкасаңыз, дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз. Бул кеңеш бардык мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга, анын ичинде кошумча баракчасында көрсөтүлбөгөндөргө да тиешелүү. Сиз ошондой эле жагымсыз реакциялар жөнүндө түздөн-түз кабарлай аласыз (төмөндөн караңыз). Жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүү менен сиз бул дары препаратынын коопсуздугу жөнүндө көбүрөөк маалымат берүүгө жардам бересиз.
Беларусь Республикасы
«Беларусь Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин «Саламаттык сактоону экспертиза жана тестирлөө борбору» УИ
Дареги: 220037, Минск, Товарищеский тар көч., 2а
Фармакокөзөмөл бөлүмүнүн телефону/факсы: +375 (17) 242 00 29
Электрондук почтанын дареги: rceth@rceth.by
Сайт: http://www.rceth.by

Армения Республикасы
«Дарыларды жана медициналык технологияларды экспертизалоо борбору» МКЭУ
Дареги: 0051, Ереван, Комитас пр., 49/5
«Тез байланыш» телефону: (+374 10) 20-05-05, (+374 96) 22-05-05
Электрондук почтанын дареги: vigilance@pharm.am

Сайт: http://www.pharm.am

Кыргыз Республикасы
Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
Дареги: 720044, Бишкек ш., 3-линия көч., 25
Телефон: +996 (312) 21-92-88,
«Тез байланыш» телефону 008 800 26 26
Тел. факс: +996 (312) 21-05-08
Электрондук почтанын дареги: dlsmi@pharm.kg
Сайт: http://www.pharm.kg/

5. Феброфид препаратын сактоо

Дары препаратын бала көрө албагыдай, балдар жетпеген жерде сактаңыз.
Бул препаратты таңгагында көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү (сактоо күнү) өткөндөн кийин колдонбоңуз. Жарактуулук мөөнөтүнүн бүтүү күнү айдын акыркы күнү болуп саналат.
25°С дан ашпаган аба табында сактоо керек.
Препаратты (ыргытпаңыз) канализацияга таштабаңыз. Сизге керек болбой калган препараттарды кантип жок кылууну дарыкана кызматкеринен сураңыз. Бул чаралар айлана-чөйрөнү коргоого жардам берет.

6. Таңгакчанын курамы жана башка маалымат

Феброфид препараты төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Таасир берүүчү зат кетопрофен лизин тузу болуп саналат.
  1 г гелдин курамында 25 мг кетопрофен лизин тузу бар.
- Башка көмөкчү заттар болуп төмөнкүлөр саналат:
  полиэтиленгликоль 200, метилпарагидроксибензоат (Е 218), пропилпарагидроксибензоат (Е 216), карбомер 980, триэтаноламин, тазаланган суу.

Феброфид препаратынын сырткы көрүнүшү жана таңгакчанын курамы
Сырттан колдонуу үчүн гель.
Түссүздөн ачык сары түскө чейинки гель, тунук же бир аз жалтылдаган.
30 г же 50 г алюминий тубдарда. Тубдун учу алюминий мембрана менен жабылган жана тешкичи бар капкакча менен буралып жабылган.
Ар бир туб кошумча баракча менен бирге жекече картон кутуга салынган.

Каттоо күбөлүк ээси
Польша
Фармацевтикалык заводу «ПОЛЬФАРМА» АК
Пельплиньска көч., 19, 83-200 Старогард Гданьски
Телефон: +48 58 5631600
Факс: +48 58 5622353

Электрондук почтанын дареги: phv@polpharma.com

Өндүрүүчү
Польша
Фармацевтикалык заводу «ПОЛЬФАРМА» АК
Серадзедеги Меданандын бөлүмү
Владислава Локетка көч., 10, 98-200 Серадз
Препарат жөнүндө ар кандай маалымат алуу үчүн, ошондой эле кандайдыр бир арыз-доолор болгон учурда, лицензия ээсинин жергиликтүү өкүлүнө кайрылыңыз:

Беларусь Республикасы
ЖЧК «Акрихин БиУай»
7-409, Бехтерев көч., 220026 Минск
Телефон/факс: +375 17 368 59 98
Электрондук почтанын дареги: sergei.levyj@akrikhin.by
Армения Республикасы
Фармацевтикалык заводу «ПОЛЬФАРМА» АК
Пельплиньска көч., 19, 83-200 Старогард Гданьски, Польша
Телефон: +995 593 212607
Электрондук почтанын дареги: maka.ketishvili@medpol.ge
Кыргыз Республикасы
Кыргыз Республикасындагы «Химфарм» АКнын өкүлчүлүгү
Бишкек ш., Орозбеков көч., 52-54, 3-кабат
Телефон номери: +996312975635
Электрондук почтанын дареги: pvh-kg@santo.kz

Ар кандай соодадагы аталыштары
Бул дары препараты Евразия экономикалык биримдигинин мүчө-мамлекеттеринде төмөнкү соодалык аталыштары менен катталган:
Беларусь Республикасында: Ультрафастин
Армения Республикасында: Феброфид
Кыргыз Республикасында: Феброфид
Кошумча баракча кайра каралып чыкты

Маалыматтын башка булактары
Препарат тууралуу толук маалымат Бирликтин веб-сайтында камтылган http://eec.eaeunion.org/.